# ДИНДИН КЕЛИП ЧЫГЫШЫ ЖӨНҮНДӨГҮ КОНЦЕПЦИЯЛАР

**Шарипова Э., Кедейбаева Ж.,**
**Курбанбаев К. -ОшМУ**

Адам баласы ар дайым өзүнүн жашоосунун уюштуруучулук формалары жөнүндө эле эмес, турмушту камсыздаган, аныктаган өбөлгөлөр, коомдун мүчөлөрүнүн өз ара мамилеси жөнүндө да ой жүгүрткөн. Социалдык жөнгө салуу жөнүндөгү диний элестөөлөр адамдын жүрүш – турушу Кудайдын эрки (тагдыр, фатум, бешене) менен аныкталат деген ойду алдыга жылдырат. Социалдык жөнгө салуунун негизи катары каралган диний системалар диний эрежелерди (осуяттар, закондор, канондор, насаат сөздөр) катуу сактоого чакырат. Бул эрежелер бардык диний системалардын ядросун түзүп, адамзаттын пайдалуу социалдык тажрыйбасын бекемдеген. Сөз «өлтүрбө», «жалган сүйлөбө», «уурулук кылба», « бузукулук жасаба» сыяктуу эрежелер жөнүндө болуп жатат.

Белгилүү мезгилдерде диний эрежелер жалгыз эле диний турмушту эмес, жалпы тиричиликтик, үй-бүлөлүк – никелик мамилелерди жөнгө салса, башка доорлордо диний жана жалпы тиричиликтик жөнгө салуучулардын ортосунда келишпестиктер, чыр-чатактар пайда болгон.

Дин танууда диндин бир нече концепциялары иштелип чыккан: теологиялык, психологиялык, этнологиялык ж.б. Теологиялык (конфессионалдык) интерпретациялар динди ылайыктуу диний тажрыйбага негиздеп, ички маңызы аркылуу түшүнүүгө аракет жасашат. Бул концепцияда адам Кудай, Абсолют, кандайдыр-бир жогорку күч же Трансденция менен тыгыз байланышта каралат. "Дин" термини табияттан тышкаркы жогорку күчтөрдүн бар экендигине болгон ишенимге негизделген көз карашты белгилөө үчүн колдонулат.

Протестанттык теолог, тарыхчы жана диний социолог Э. Трельч (1865-1923) дин Кудайга карата субьективдүү мамилени, ошол эле мезгилде тарыхый реалдуулукту чагылдырат деп белгилеген. Кийинки мезгилдерде конфессионалдык дин таанууда динди жана анын коом менен болгон катышын түшүндүрүүдө бөлүүчү жана бириктирүүчү деп аталган эки тенденция өнүккөн. Биринчи тенденциянын тарапкерлери коом менен динди бири-биринен сапаттуу түрдө өзгөчөлөнүп турган өз алдынча чоңдук катары карашып, диндин маңызынын жана мазмунунун трансценденттүүлүгүн моюнга алышат. Догмалык окууларда чагылдырылган диндин маңызы социалдык эмес, бул – түбөлүк акыйкат, мезгилден сыртта турган принциптер. Ал эми социалдык маңызга диндин көрүнүштөрү, көзгө көрүнгөн структуралары – уюмдары, мекемелери кирет.

Протестанттык теолог жана философ Р. Отто (1869-1937) белгилегендей, дин- ыйык нерсе жөнүндө ой-жүгүртүү, анын предмети болуп нуминоздук (кудайдын эрки, бийлиги, күчү) күч эсептелет. Ыйык нерселер, нуминоздук эки тараптуу сезимди пайда кылат. Бир жагынан бул түшүнүк коркунучту пайда кылса, экинчи жагынан ал адамды кубандырып,

жандандырат. Нуминоздукту аңдап билүү априордук (тажрыйбага чейинки) мүнөзгө ээ.

Философ жана теолог П. А. Флоренский (1882-1937) динди төмөнкүчө аныктайт: "онтологиялык жактан дин биздин Кудайдагы жана Кудайдын биздеги жашоосу болсо, феноменалисттик көз караштан алып караганда, дин – адамдын рухун сактоону камсыз кылган иш-аракеттердин системасы. "Сактоо" деген түшүнүк рухий жашоонун тең салмактуулугун белгилейт".

Америкалык социолог жана теолог П. Л. Бергер немец изилдөөчүсү Т.Лукман менен биргеликте динди билимдин жана диндин феноменологиялык социология көз карашынан анализдейт. Алардын көңүлү теорияга чейинки "демейки билимди" изилдөөгө бурулган.

Маданият же номос (гр. - үрп-адат, тартип) адам үчүн өтө зарыл көрүнүш болуп эсептелет, анткени ал дүйнөдө багыт алууга жардам берет. Өлүм коркунучу, турмушка канааттанбоо, экстаз дестабилизацияга жол ачып, тартипсиздикти, коркунучту, азапты пайда кылат. Космостун стабилизациясы күнүмдүк жашоодогу өзгөрмөлүү кокустуктарга таяна албайт. Бул концепцияда реалдуу стабилдүүлүктү дин камсыз кылат деген ой басымдуулук кылат. П. Бергер мындай деп жазган: "Дин ыйык космосту куруучу эң чечкиндүү мекеме…"

Диндин философиялык жана социологиялык түшүндүрмөлөрү ар түрдүү, бул илимдер өнүгүүнүн баштапкы этаптарынан тартып эле бул феноменди өздөрүнүн предмети катары изилдеп келишкен.

Немец философу И. Кант (1724-1804) биринчилерден болуп философиянын чегинде динди өзүнчө бөлүм катары изилдеген. Ал динди философиялык системанын контекстинде априоризм, трансценденттүүлүк жана тренсценденталдык принциптерге ылайык негиздеп, түшүндүрүүгө аракет жасаган.

Өзүнө чейин метафизиканын мазмунун иликтеп чыгып, И. Кант ал илимдин статусуна ээ боло албайт, рух, Кудай жөнүндөгү илимий теориялык билим мүмкүн эмес деген идеяны айткан. Ойчул онтологиялык, космологиялык, физико-теологиялык сыяктуу Кудайдын бытиесин салттуу далилдеген көз караштарды сындаган. Бирок, өзүнүн этикалык концепциясында философ рух жана Кудай идеясын практикалык түрдө колдонуу зарылдыгын негиздөөгө умтулган.

Рухтун, жандын түбөлүктүүлүгүн И. Кант төмөнкүчө далилдөөгө аракет жасаган: дүйнөдө жогорку жыргалчылыкты ишке ашыруу – моралдык закон менен аныкталган эрктин зарыл максаты. Бул закон жогорку жыргалчылыктын эң негизги бөлүгү - нравалуулуктун бүтүндүгүн талап кылат. Ал эми эрктин моралдык закон менен дал келиши жогорку жетишкендик болуп эсептелет.

Дин түшүнүгүн, анын түрлөрүн И. Кант "Дин акыл-эстин чегинде гана" аттуу чыгармасында караган. Ал тарыхый ишеним менен моралдык ишенимдин ортосундагы айырмачылыкты көрсөтүүгө аракет жасаган. Ойчул динди бардык милдеттерибизди кудайдын осуяттары катары таанып-билүү катары караган. И. Кант динди моралдык жана статутардык деп

экиге бөлөт. Таза – акыл –эске болгон ишенимге негизделген динди "таза моралдык" деп атаган: анда ар бир адам жеке акыл-эстин жардамы менен өзүндөгү кудай эркин таанып билет. Ал эми статутардык законлорго негизделген динди улуу ачылыш аркылуу гана таанып-билүүгө болот, ал акыл-эске болгон ишенимге эмес, тарыхый ишенимге таянат.

Немец философу Г. В. Ф. Гегель (1770-1831) философиялык илимди үч бөлүккө бөлүп карайт: логика, жаратылыш философиясы, рух философиясы. Рух философиясы субьективдүү, обьективдүү жана абсолюттук рухту изилдейт: субьективдүү рух – индивиддин рухий түзүлүштөрү, обьективдүү рух адамдын тарыхындагы коомдук турмушту элестетет, абсолюттук рух өзүн предмет катары иликтеп, өзүнүн маңызын чагылдырат. Субьективдүү жана обьективдүү рух адам индивидинен, коомдон, элден байкалат, демек, анын чеги бар. Абсолютук рух эркин жана чексиз, анын формалары болуп искусство, дин, философия эсептелет.

Гегель дин тарыхын бирдиктүү процесс катары карайт. Табигый дин рухийлик менен жаратылыштын биримдигин чагылдырат. Жаратылышты баш ийдирүүгө багытталган сыйкырчылык фетишизмдин жана анимизмдин пайда болушуна алып келген.

Кийинки этаптарда рух жаратылыштан бөлүнө баштайт. Бул бөлүнүүнү тарыхый түрдө пантеисттик мүнөзгө ээ болгон кытай, индуизм жана буддисттик динден байкоого болот. Гегель эркин субьективдүүлүк баскычына өткөн диндердин катарына перс, сириялык, египеттик диндерди кошот. Рухий индивидуалдуулук дини катары иудаизм, грек жана рим диндерин карайт.

Немец философу Л. Фейербах (1804-1872) Гегелдин абсолюттук идеализминин ордуна "чыныгы философия" катары антропологизм менен бирдиктүү натурализмди сунуштаган.

Ойчул динди антропологиялык философиянын принциптерине ылайык түшүндүрөт. Анын пикиринче искусство, дин, философия, илим адам маңызынын көрүнүшүн жана өнүгүшүн түзөт. Диндин предмети жана мазмуну болуп адамдын маңызы эсептелет.

Л. Фейербахтын идеясы боюнча диндин маңызы адамдын аң-сезиминде, өздүк аң-сезиминде жатат. Ойчул диндин негизин адамдын көз карандылыгын сезүүсү түзөт, ал эми көз карандылыктын чагылдырылышы болуп коркунуч эсептелет деп белгилейт. Жаратылыштын күчтөрүнө сыйынган диндерди Фейербах табигый дин деп карайт. Жаратылыштык кубулуштардын өзгөрмөлүүлүгү диний сезимди туудурат. Ойчул диндин пайда болушун кокустук менен байланыштырат: жаратылыштын туруксуздугу адамдын динге ишенишине, сыйынууга алып келет.

Табигый динден ойчул рухий-адамдык динди айырмалайт: анын предмети болуп рух эсептелет. Философтун пикири боюнча тарыхтын жүрүшүндө адам жаратылыштан жогору көтөрүлүп, супернатуралист болот, анын кудайы табияттан тышкаркы күч катары таанылса, ал эми көз карандылык сезиминин обьектиси катары коомдук күчтөр карала баштайт. Адам физикалык жандыктан саясий жандыкка айланат.

Диндин негизин Л. Фейербах адамдын талаптары, каалоолору, эгоизми менен байланыштырган. Дин – бир эле фантазиянын, элестөөнүн иши эмес, ал – коркунучтан бошонууга умтулуу, бактылуу болууга аракеттенүү. Бакытка умтулууну, эгоизмди (өзүн сүйүү) ойчул диндин "баштапкы жана акыркы" негиздемеси, ошондой эле максаты деп түшүнгөн. "Диндин себеби каалоо менен аткаруунун, ой-жүгүртүү менен бытиенин ортосундагы карама-каршылыкта турат",- деп белгилейт Фейербах. Философ "диндин түпкү негизи адамдын эркинен жана аң-сезиминен көз карандысыздыгында",- деп жыйынтык чыгарат. Фейербахтын философиясынын практикалык тенденциясын адамга карата сүйүү түзөт. Адамдын адамга болгон сүйүүсү, тактап айтканда моралдык мамилелер – анык диний мамиле. Демек, Фейербахтын диндин ордун ээлегиси келген философиясын "сүйүү этикасы" деп атоого болот: "адам – адамга кудай".

Француз социологу жана философу Э. Дюркгейм (1858-1917) позитивизм позициясында туруп, фактылык база катары этнографиянын материалдарын пайдаланууга аракеттенген. Ал социологизм принцибине таянган: "социалдык фактылар" обьективдүү, индивидден көз карандысыз, ага карата мажбурлоочу күчкө ээ. Дин "социалдык факт" болуп эсептелет, ал кандай элементтерден турат, анын пайда болуу себептери кайсы, кандай функцияларды аткарат деген суроолорго жооп издейт.

Ойчул динге төмөнкүдөй аныктама берген: "Дин ыйык нерселерге, б.а. тыюу салынган, бөлүнгөн нерселерге таандык болгон ишенимдердин жана үрп-адаттардын бүтүн системасын чагылдырат". Дин индивиддерден жогору туруп, аларды баш ийдирген коомдук күчтөрдү чагылдыруунун өзгөчө формасы. Э. Дюркгейм диндин булагы катары баарлашуунун коомдук-психологиялык процессин, коллективдүү психологияны (экономикадан, өндүрүштүк ишмердүүлүктөн тышкары пайда болгон) эсептейт.

Дин бир нече функцияларды аткарат, анын негизгиси катары коомдук тилектештикти түзүү жана бекемдөө эсептелет. Дин индивидди социалдык турмушка даярдайт, социалдык биримдикти камсыз кылат, салттарды, ишенимдерди, баалуулуктарды колдойт, канааттануу сезимин, социалдык энтузиазмды күчөтөт. Андан тышкары дин таанып-билүүчүлүк функцияны да аткарат.

Диндин келип чыгышы жөнүндө биологиялык жана психологиялык концепцияларды бөлүп кароого болот. Биологиялык концепциялар диндин негизин адамдын биологиялык же биопсихикалык процесстеринен издейт. Ушул көз караштан алып караганда диндин негизин диний инстинкт, диний сезим түзөт. Дин – бул "организмдин психофизиологиялык функциясы", ал организмдин тигил же бул көрүнүштөргө болгон реакциясынын тенденциясынын кульминациясын түзөт.

Психологиялык концепциялар динди индивидуалдык же группалык психиканын негизинде түшүндүрүшөт. Диндин негизин көбүнчө эмоционалдык чөйрөдөн издөө кеңири жайылган. Эмоционалдык клетка

катары ар түрдүү сезимдер – көз карандылык жана коркунуч, сыйлоо, сүйүү, уят, нравалык сезимдер каралат.

Американык философ-прагматист У. Джеймс (1842-1910) динди индивидуалдык психикага таянып түшүндүрүүгө аракет жасаган: "дин – айрым инсандардын сезимдеринин, иш-аракеттеринин жана тажрыйбасынын жыйындысы". Дин индивиддин психикасынын эмоционалдык чөйрөсүндө орун алган. Ал мындай деп жазган: "... сезим диндин эң терең булагы болуп эсептелет, ал эми философиялык негиздер экинчи надстройка катары бааланышы зарыл".

Акыйкаттуулуктун прагматикалык критерийине таянып, У. Джеймс диндин аныктыгын анын пайдасынан издөөгө аракет жасаган: дээрлик бардык диндердин жалпы психологиялык функциясы болуп рухий азаптан бошонуу процесси эсептелет. Дин адамдын азабын бекем бакытка айландыруу бийлигине ээ.

Француз философ- позитивисти, социолог жана психолог Л. Леви-Брюль (1857-1939) динди коллективдүү психологияга таянып түшүндүрүүгө умтулган. Анын пикири боюнча түрдүү коомдун социалдык-тарыхый типтерине ой-жүгүртүүнүн түрдүү формалары ылайык келет. Ал алгачкы ой-жүгүртүүнү жана цивилизациялык коомдордун ой-жүгүртүүсүн бөлүп караган. Алгачкы ой-жүгүртүүнүн өзгөчөлүгү ылайыктуу "коллективдүү элестөөлөрдүн" мүнөзүн шарттайт жана мистикалык болуп эсептелет.

Леви-Брюль динди үрп-адат жана тил менен бирге коллективдүү элестөөлөр катары изилдеген. Коллективдүү элестөөлөр диний институттардын негизи катары кызмат аткарат: алар императивдүү мүнөзгө ээ, муундан муунга өтүп турат, өзүнүн бытиесинде айрым инсандардан көз каранды эмес, алар интеллектуалдык кайра иштеп чыгуунун продуктысы болуп эсептелбейт, образ сезимдерден бөлүнбөгөн, эмоциялык-мотордук элементтер менен бириккен. Цивилизациялык коомдордо ой-жүгүртүү ишеним обьектисин рационалдык-логикалык түрдө анализдөөгө жөндөмдүү.

Ал эми немец-американык философ, социолог жана психолог Э.Фромм (1900-1980) динге төмөнкүчө аныктама берген: "дин – адамдардын кандайдыр-бир группасы карманган аракеттердин жана көз караштардын системасы". Диндин бир түрү катары Фромм неврозду эсептейт. Ойчул динди авторитардык жана гуманисттик деп экиге бөлөт. Авторитардык диндин маңызын адам тышкы улуу күчкө баш ийиши керек деген идея түзөт. Гуманисттик дин адамга, анын жөндөмдүүлүктөрүнө багытталган, ал адамды өз алдынчалыкка, өз күчтөрүнө ишенүүгө чакырат, ал адамдын баалуулугун, бакытка, эркиндикке укугун бекитет. Бул дин сүйүү, тилектештик сезимин орнотот. Гуманисттик динде адамдын максаты катары улуу күчкө жетишүү каралат.

Диндин пайда болушун түшүндүргөн дагы бир концепция катары этнологиялык концепцияны белгилөөгө болот. Этнологиялык теориялар этнографиялык материалдарды пайдалануунун негизинде түзүлөт, бул теориялар динди түшүндүрүүдө маданий (социологиялык)

антропологиянын материалдарын пайдаланышат. Диндин булагы катары индивидге таандык жана материалдык-рухий талаптардын комбинациясы аркылуу же маданий-антропологиялык комплекстин негизинде түзүлгөн "адамдык жаратылыш" эсептелет. Бул концепциянын алкагында дин маданияттын жалпы феномени катары каралат.